| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК - КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТҮП РАЙОНУ<br>КАРКЫРА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК - КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА<br>КАРКЫРА** |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 15 -декабры № 74 Талды-Суу айылы**

## Жер аянтын трансформациялоо жөнүндө

Каркыра айыл өкмөтүнүн кайрылуусун ошондой эле кайрылууга тиркелген "Каркыра Плюс" жоопкерчилиги чектелген коомунун негиздөөчүсү Маралбаев Элеман Жолдошбековичтин мал чарба фермасын уюштуруу үчүн жер аянтын трансформациялоо боюнча арыз кайрылуусун жана "Кыргызмамжердолбоорлоо" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Ысык-Көл филиалынын 19.10.2025 ж. № 01-5/838 кортундусун карап чыгып Каркыра айылдык кеңешинин 11-сессиясы **токтом кылат:**

1.Каркыра айыл аймагына караштуу "МЖС" участогунда жайгашкан № 36 контурдагы 0,50 га жайыт жер аянтына мал чарба фермасын уюштуруу үчүн айыл чарба багытындагы жерлери категориясынан максаттуу багытында көрсөтүлгөн курулуш алдындагы жерлери түрүнө которууга макулдук берилсин.

2.Каркыра айыл өкмөтүнө жер аянтын трансформациялоого байланыштуу тийешелүү документтерди топтоо жагы жүктөлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин айыл чарбасы, жер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага Абдылда у.Т.**